Кабыл алынды:
№ 1 пед.кеңешме
" 12 " " 08 " 2022 -ж

**Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинде жөндөмдүүлүгү орто окуучулар менен иштөө ишмердүүлүгү жөнүндөгү**
**Жобо**

**1. Жалпы жобо**

Жобо КР Билим берүү жөнүндөгү мыйзамынын, жалпы билим берүүчү мектептин типтүү жобосунун негизинде иштелип чыкты.

**2. Максаты:**

2.1. Билим берүү жөнүндө мыйзамдын аткарылышын камсыздоо.
2.2. Жалпы мектепте жана айрым окуучуларды окутуунун сапатын, деңгээлин жогорулатуу.
2.3. Балдардын окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилесин жөнгө салуу.
2.4. Жөндөмдүүлүгү орто окуучулардын классташтарына салыштырмалуу окуу материалын өздөштүрө албоосуна жана ордуна калып калуусунун алдын алуу.
2.5. Предметтен окуу материалын туура өздөштүрүүсүнө жардам берүү.

**3. Милдеттери:**

3.1. Окуу процессине болгон окуучулардын жоопкерчиликтүү мамилесин калыптандыруу.
3.2. Билим берүү жөнүндөгү мыйзамга ылайык ата-энелердин балдарды окутуудагы жоопкерчилигин күчөтүү:

**4. Ишмердүүлүктүн түрлөрү жана негизги багыттары**

4.1. Окуучулардын билим сапатынын жетишүүсүнүн төмөн болушунун себептерин аныктоо.
4.2. Окуучулардын билим сапатынын жана жетишүүсүнүн жогорулатууга багытталган комплекстүү иш чараларды кабыл алуу.

**5. Педогогикалык коллективдин жөндөмдүүлүгү орто окуучулар менен иштөө ишмердүүлүгү**

5.1. Окуучулардын билим деңгээлин аныктоо максатында окуу жылынын башталышында диагностика жүргүзүү.
5.2. Баалоонун объективдүү болушу үчүн сабакты суроонун ар түрдүү формаларын (оозеки, жазуу, жекече) колдонуу.
5.3. Дайыма системалуу түрдө суроо менен өз убагында кою.

5.4. Окуучунун баасына комментарий берүү
(окуучунун кийинки сабактарда
ката кетирбеш үчүн жетишпеген жагын белгилөө)

5.5. Окуучулардын жазуу иштеринде кетирген кемчиликтерин жоюу максатында катанын үстүндө иштөө.

5.6. Предметтик мугалим, класс жетекчи жана ата-энеге окуучунун сабактардагы жетишпегендиги жөнүндө убагында билдириши керек. (эгерде бир сабактан 3 же андан көп "2" болсо)

5.7. Мугалим окуучунун сабак учурундагы начар жүрүм-туруму үчүн баасын төмөндөтпөөсү керек, мындай учурда башка чара колдонуусу керек.

5.8. Предметтик мугалим төмөндөгү документтер менен иш алып барат.

5.8. 1. Сабагынан жетише албаган окуучулар менен жекече иштөөнүн графиги

5.8. 2. Сабагынан жетише албаган окуучулар менен жеке картасы.

5.8. 3. Билим алууда кемчиликтерди жою боюнча кошумча тапшырмалар.

5.8.4. Кошумча сабактар үчүн окуучулардын дептерлери.

**6. Класс жетекчинин ишмердүүлүгү**

6.1. Класс жетекчи окуучу менен жекече аңгемешелүү аркылуу сабакка жетишпегендигинин себебин төмөндөгү себептерди эске алуу менен аныктоого милдеттүү (окуучу, ата-эне менен жекече сүйлөшүү, анкета алуу).

6.2. Сабак калтыруу.Окуучунун сабакка келбеген себебин тастыктоочу документ болбосо мындай учурда класс жетекчи 1 же 2 жолу келбегенин күндөлүкө жазуу менен ата-энеге билдирет,системалуу түрдө калтырса кичи педагогикалык кеңешмеде чечсе болот.

6.3. Эгерде сабагынан жетишпөөнүн себеби, үйдөн жетишсиз даярдануу, жөндөмдүүлүктүн төмөндүгү, окууну каалабагандык болсо класс жетекчи окуучунун ата-энеси менен профилактикалык иш жүргүзөт. Ата-энеси өзүнүн милдеттеринен баш тартса мектеп администрациясына кайрылат.

6.4. Сабакта жетишсиз иш алып баруу, баанын объективдүү эмес коюлушу, үй тапшырманын көлөмүнүн көптүгү, окулуп жаткан материалдын татаалдыгы сабактан жетишпөөнүн себеби болуп жатса класс жетекчи предметтик мугалим менен сүйлөшөт же мектеп администрациясына кайрылат.